# МЕНИН МАМЛЕКЕТИМДИН КЕЛЕЧЕГИ

**(2014-2015-окуу жылдарында Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 5-11-класстары үчүн 1-сентябрда өтүлүүчү сабактын болжолдуу үлгүсү)**

**Сабактын максаты:**

– Мамлекеттин бүгүнкү күнүн жана келечегин ойлоо, тынчсыздануу ар бир жарандын парзы, мамлекеттүүлүктү чыңдоо ар бир кыргызстандыктын милдети экендигин түрдүү маалыматтардан жеткирүү;

– Ар бир жаран өз билими, аракети жана каалоосу менен мамлекетти чыңдоого, бекемдөөгө салым кошо тургандыгын туюндуруу;

– Окуучулардын адамзаттын баалуулуктарын сыйлоого; ар бир жарандын коомдогу милдеттерин, жоопкерчилигин арттыруунун зарылдыгына; өз оюн туура жана так айтууга; топтордо, бирдикте иштөөгө тарбиялоо

**Сабакка колдонуучу каражаттар:**

Доска, ватман кагаздар, түстүү маркер, фломастер, скотч, ж.б.

**Сабакты өтүү боюнча методикалык сунуштар**

Сабактын идеясы мамлекеттүүлүктү чыңдоо болгондуктан окуучуларга мамлекеттин негизги төрт тармагы боюнча программа жазуусуна басым жасалды. Программанын саясатташып кетүүсүнөн: мурдагы жана бүгүнкү бийликти сындоодон, алардын ишмердүүлүгүн айтуудан алыс болуусун карагыла. Окуучуларга бул программа “силер мамлекетти кантип өнүктүрөт элеңер?” деген суроого жооп бериши керектигин жана “өзүң жашагың келген мамлекеттин схемасын түз, долбоорун жаз” деп түшүндүргүлө. Мээ чабуулу жана “Эдвард де Бононун алты тумак” методдору окуучулардын теманын үстүнөн ой-жүгүртүп, өздөрү айтуучу сөздөрдүн жана пикирлердин үстүнөн ойлонуусуна жардам берет. Сабактын жүрүшүндө мугалим багыттоочу катары болуп, окуучулардын бири-бири менен баарлашуусуна жана тапшырмаларды аткарууда критикаларга жол бербей окуучулардын бири-биринин укуктарын жана көз карашын сыйлоосуна, “Алтын эрежелердин” сакталуусуна көз салат

**Сабактын жүрүшү:**

**Мугалимдин кириш сөзү (3 м.):** *Саламатсыңарбы, окуучулар! Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаевдин «2014-жылды Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы деп жарыялагандыгы жөнүндөгү» Указы республикабыздын өнүгүп-өсүүсүнө өбөлгө болуп, күнөстүү мекенибиздеги бардык улуттагы элдердин биримдигин, ынтымактуулугун мындан ары да ширетип, кең келечекке жол ачат. Кыргыз эли кылымдарды карытып, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып бирдиктүү эл болуп жашап келген. Бүгүнкү Кыргызстандын жарандары дагы күнөстүү мекенибиздин өсүп-өнүүгүсү үчүн биримдикте болуп, салым кошууда.*

*Мамлекет – коомдогу тартипти, стабилдүүлүктү камсыз кылуучу жана башкарууну ишке ашыруучу саясий уюм. Мамлекеттин негизги белгилери: анык бир аймакты ээлегендиги, суверенитет, кенен социалдык база, салык жыйноо укугу, башкаруунун ачык мүнөзү, мамлекеттик символдордун болушу. Мамлекетте адамдардын табигый өз ара мамилелерин башкаруучу жана жөнгө салуучу атайын коомдук-саясий институттар иштейт. Мамлекеттин мамлекет болушу үчүн төрт фактор керек:*

1. *Саясий*
2. *Социалдык*
3. *Экономикалык*
4. *Маданий*

*Бул факторлор бири-бири менен тыгыз байланышта. Алардын бири экинчисин толуктап турат. Биздин ар бирибиз аталган тармактар менен байланышта болобуз. Саясий жактан алып караганда: жаран катары биздин укуктарыбыз жана милдеттерибиз бар. Мамлекет Мыйзам чыгаруу, Аткаруу жана Сот бийлиги аркылуу биздин ошол укуктарыбызды коргоп, милдеттерибизди аныктап берет. Мамлекет өз жарандарына социалдык жардамдарды көргөзөт. Мисалы, билим берүү, ден-соолукту чыңдоо, пенсия, жөлөк пул, ж.б. Экономикалык тармакта болсо өнөр жайда, айыл чарбасында жана соодада иштөө менен, о.э. салык төлөөчү катары да биз мамлекеттин өнүгүүсүнө салым кошобуз. Оозеки чыгармачылык, көркөм маданият жана кол өнөрчүлүк Эгемендүү Кыргызстандын жүзү болуп калды десек жаңылбайбыз. Бул тармакта дагы ар бирибиздин өзүнчө салымыбыз бар.*

*Бардык өнүккөн мамлекеттерге көз чаптырсак: алардын элинин билимдүү экендигин көрөбүз. Демек, билимдүү, сабаттуу жана маданияттуу эл мекенди ар тараптан өнүктүрүп, мамлекеттин күчтүү пайдубалын кура алат. Силер дагы мамлекетибизди бекемдөөгө, өнүктүрүүгө өз билимиңер менен салым кошосуңар деп ишенемин*

**1 – этап. Мээ чабуулу (4 м.)**

**Мугалим**: *Дегэле мамлекет дегенде көз алдыңарга эмнелер элестейт? Мамлекет жөнүндө, анын жүргүзүүчү саясаты жөнүндө бирден сөз айткыла*

Бардык айтылган идеялар доскага жазылышы сунушталат. Алар ар түрдүү болушу мүмкүн: Кыргызстандын борбору, атрибуттары, аймактары, инсандары ж.б. Болжолдуу сөздөр: *Герб, Пенсия, Бишкек, Жөлөк пул, Гимн, Музыка, Бий, Чек ара, Эпос, Туу, Ыссык-көл, Өнөр жай, Малчылык, Саламаттыкты сактоо, Дыйканчылык, Конституция, Айыл чарба, ж.б.*

**2-этап: Ролдорду бөлүштүрүү (4 м.)**

**Мугалим:** *Бүгүнкү сабактын* темасы *айтып тургандай Кыргызстандын бүгүнкү күнү жана келечеги бардыгыбызды ойлондурат жана кызыктырат. Ошондуктан, бүгүнкү сабакта биз күнөстүү Кыргызстаныбыздын бекемдигин канткенде чыңдап, кантип өнүккөн*

*мамлекетке айландырабыз деген суроого жооп берүүгө аракеттенип көрөлү. Эсиңерде болсо 2012-ж. "Үй-бүлө – жашоонун тиреги, мамлекеттин куту", 2013-ж. "Иштермандык жана биримдик – Ата Журттун тиреги" деген темаларда сабак өтүп, мамлекеттин бүтүндүгү үй-бүлөдөн баштала тургандыгы, эмгек жана биримдик мамлекеттин гүлдөп өнүгүүсүнө алып келүүсүн белгилеген элек. Мына ушул ойлордун жыйынтыгы катары бул жылы "биз жашай турган мамлекет кандай болушу керек?" деген идеяны алып чыгалы.*

*Жогоруда мамлекет мамлекет болушу үчүн төрт фактор керектиги айтылды. Бүгүнкү сабакта силер мамлекеттин ушул төрт ири: саясий, социалдык, экономикалык жана маданий тармактарын тейлеген мекемелердин, т.а. министерстволордун адис кызматкерлерисиңер. Албетте, биз түздөн-түз мамлекетти башкаруунун көчүрмөсүн албайбыз. Биз мамлекеттин өнүгүү тармактарын гана алдык. Ошондуктан, биздин сабакта мамлекет жана мамлекеттин министрликтери эле бар.*

Окуучуларды төрт топко бөлүп, ар бир топтон бир окуучуну кайрадан эксперт тобуна алгыла. Мисалы, окуучулардын санына жараша 1-ден 5-ке чейин санатып туруп, топко бөлсө болот. Соң ар бир топтогу 1-сандар эксперттик топко алуу ж.б.у.с. Соң топтор кайсы тармакты тейлеген министерство боло тургандыгын тандоо керек. Бул жерде да окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө карап, кайсы тармакты жакшы билгендигин аныктоо үчүн ар бир топко "Мекеним Кыргызстан" аттуу ыр таркатылат. Мисалы, 1-сап саясат жөнүндө, эгер кайсы топ бул сапты тандаса ал "Саясат министерствосу" болот; 2-сап, "Социалдык"; 3-сап, "Экономикалык"; 4-сап, "Маданий".

**Мугалим:** *Колуңарга берилген "Мекеним Кыргызстан" аттуу ырды окуп чыгып, ырдагы бир сапты тобуңар менен кеңешип тандагыла жана тандооңорду билдиргиле. Бир топ тандаган ырды экинчи топ тандабайт*

**Мекеним Кыргызстан**

**1-сап**

*Дүйнөлүк аренадан орун алган*
*Мекеним менин эгемендүү Кыргызстан*
*Демократия жана укукту бийик тутуп*
*Калкына чеп болуучу мыйзам курган*

**2-сап**

*Эмгеги үчүн улууларды сыйлаган*
*Муктаждарга жардам берип караган*
*Билим берип жаш муунга татыктуу*
*Эгемендүү таза коомду кура алган*

**3-сап**

*Меймандос, эмгекчил кыргыз калкы*
*Жоготпой "Улуу көчмөн" деген аттын баркын*
*Жайлоонун койнунда мал өстүрүп*
*Улап келет кылымдарга ата салтын*

**4-сап**

*“Манас” деген улуу эпосту жараткан*
*Колдо комуз жан-дүйнөнү жыргаткан*
*Кыйынчылык, жокчулукка жол бербей*
*Ыр-күү менен кылымдарды карыткан*

Топтордун аттары аныкталгандан кийин, аларга ролдорду бөлүштүрүү боюнча багыт бергиле: топтогу ар бир окуучунун анык жумушу болуш керек. Ар бир топко алдын ала даярдалган кагаздарды таркатып берсенер болот.

Мисалы, “Саясат” министерствосунда: министр, анын катчысы, аткаруу тармагын башкарган адис, мыйзам чыгаруу тармагын жетектеген адис, сот тармагын караган адис деп бөлсө болот;

“Социалдык” министерство: министр, катчы, билим берүү тармагын караган адис, ден-соолукту караган адис, социалдык жактан муктаждарды (пенсия, жөлөк пул) тейлеген адис

“Экономикалык” министерстводо: министр, катчысы, айыл чарбасын тейлеген адис, өнөр жай тармагынын адиси, соода тармагын караган адис

“Маданият” министерствосунда: министр, катчы, кино тармагын, музыка тармагын жана бий тармагынын адистери

Мугалимге жардамчы катары берилген төрт окуучу көз карандысыз эксперт катары катышат. Бул жерде “Эдвард де Бононун алты тумак” методу колдонулат. Окуучуларга төрт: Ак, Кызыл, Кара, Сары түстөгү тумактарды берип, Жашыл жана Көк тумактарды сабакка катышуу үчүн кирген мугалимдерге же ата-энелереге берүү сунушталат. Анткени, Жашыл жана Көк тумак окуучуларга жаңы идеяларды жана жолду көрсөтөт, ошондуктан чоңдордун багыт бергени жакшы болот. Тумак алган окуучулардын ролун ар биринин өзүнө мугалим 3-этаптан кийин топтор долбоор жазып иштей баштаганда түшүндүрүүсү керек. Анткени, класстагы бардык окуучулар алардын кызматын билбегени жакшы. Сабактын аягында гана мугалим алардын позициясын түшүндүрүп, эмне үчүн аларга мындай кызмат берилгенин баяндап берет. Баш кийимдердин позициясы же ролу:

**Ак тумак — объективдүү байкоо жүргүзүүчүнүн баш кийими**

Ак тумак алган окуучу долбоордо айтылган конкреттүү фактыларды гана келтирип, министерстволордун ишин объективдүү карайт. Биз кандай маалыматка ээбиз? Бизге дагы кандай маалымат зарыл? деген суроолорго жооп берет

**Кызыл тумак — эмоциялуу катышуучунун баш кийими**

Кызыл тумактын ээси министерствонун ички туюмун, абалын баяндап берүүсү керек. Алардын кайсы демилгеси мамлекет тарабынан колдоого алынып, ийгиликке жетет, кайсылары назарга илинбей ыза тартты деген суроолорго жооп бериши мүмкүн

**Кара тумак — пессимисттин баш кийими**

Бул окуучу долбоордо жазылбай калган бардык маселелерди көтөрүп чыгат. Ар бир иштин ийгиликсиз жактарын көрсөтүү менен алардын калыс эмес жактарын тизмелейт. Кемчиликтери эмнеде? Мунун эмнеси туура эмес?

**Сары тумак — оптимисттин баш кийими**

Сары баш кийим алган окуучу долбоордун бардык оң тарабын талдоого алат. Министерствонун иштеринин артыкчылыктары кайсылар? Эмне себептен?

**Жашыл тумак– чыгармачылык менен ой-жүгүртүүнүн баш кийими**

Жаңы идеяларды, альтернативаларды, болушу мүмкүн болгон чечимдерди жана аракеттерди сунуштайт.

**Көк тумак – Ой жүгүртүүнү уюштуруучу**

Ой жүгүртүү жөнүндө ой жүгүртүү. Биз эмнеге жетиштик? Мындан ары эмне кылуу керек? деген суроолорду колдонуу менен топторго багыт берет

**3-этап: Сөздөрдү тандоо (2 м.)**

Мээ чабуулу мезгилинде жазылган доскадагы сөздөрдүн ичинен топтор өздөрүнүн тармагына тиешелүүсүн тандап алышат. Эксперттер кайсы топ кандай сөз алгандыгын өз дептерлерине жазып, ошого жараша топторго суроо даярдашат. Ар бир программа презентацияланып жатканда керектүү маалыматтарды жазып алып, аларга карата да пикирлерин билдиришет

**4-этап: Программа даярдоо (10 м.)**

Ар бир топ колундагы сөздөрдү пайдаланып өздөрүнүн ишмердүүлүгүнүн программасын даярдайт. Анда мекеменин максаты, милдети көрсөтүлүп, эмнелерди аткаруу керек деген сунуштар берилет, о.э. ар бир областтын көйгөйлөрү, маселелери көрсөтүлүшү керек. Топтордо бардык окуучулар иштеши үчүн ар бир адис кичинекей өз программасын жазып, анан аны жалпылап топтун программасына бириктирсе болот.

**5-этап: Презентация (20 мүнөт: ар бир топко 5 мүнөттөн)**

Ар бир топ өз алдынча талкуулагандан кийин доскага чыгып өз эмгектерин презентациялайт. Бул этапта эксперттерге сөз берилип, алар берилген суроого тиешелүү адистен жооп алууга аракеттенет. Окуучулар айтылгандарга кошумча киргизип, суроо берип, же маселени талкууга алса да болот. Мугалимге талкууну толуктап, башкарып туруу сунушталат

**Жыйынтыктоо жана коштошуу (4 м.)**

**Үйгө тапшырма:** “Мамлекеттүүлүктү бекемдөө” жылына карата дил баян, ыр жазуу, же сүрөт тартып келүү

## Примерный образец первого урока на 1 сентября 2014-2015 учебного года в общеобразовательных школах для 5-11-х классов)

БУДУЩЕЕ МОЕГО ГОСУДАРСТВА

**Цель урока:**

– доведение до сведения учащихся из разных источников информации о том, что обязанность каждого гражданина – думать и переживать о настоящем и будущем государства, обязанность каждого кыргызстанца – укрепление государственности;

– Объяснение учащимся, что каждый гражданин должен вносить свой вклад в дело укрепления государственности собственными знаниями, стараниями и стремлениями;

– Воспитать у учащихся уважение общечеловеческих ценностей; понимания в каждом гражданине необходимости ответственности за права и обязанности в обществе; работать в группе, правильно и точно высказывать свою точку зрения.

**Средства урока:**

Доска, ватман, цветные маркеры, фломастеры, скотч и др.

**Методические рекомендации к проведению урока**

Так как идеей урока является укрепление государственности, упор делается на разработку учащимися программы по четырем основным отраслям государства. Следует избегать политизации программы: рассказа о деятельности бывшей власти и тех, кто сейчас у власти, а также их критики. Объясните учащимся, что они должны представить в данной программе пути решения проблемы и ответить на вопрос: “Как бы вы развивали государство?” и составить “схему государства, в которой он(а) хотел(а) бы жить, написать проект”. Мозговой штурм и стратегия “Шесть шляп” Эдварда де Боно помогут учащимся размышлять над темой, над словами и мыслями, которые они должны будут высказать. В ходе урока учитель в качестве направляющего, фасилитатора должен наблюдать за общением между учащимися и не допускать при выполнении заданий ими критиковать друг-друга, уважительно относиться к мнению каждого участника, сохраняя “Золотые правила” в процессе занятия.

**Ход урока:**

**Вводное слово учителя (3 мин.):** *Здравствуйте, ребята! Указ Президента Кыргызской Республики А.Атамбаева «О провозглашении 2014 года Годом укрепления государственности», являясь предпосылкой развития нашей республики, дальше укрепит дружбу и согласие между народами всех национальностей, населяющих нашу солнечную страну, откроет широкую дорогу к будущему. Кыргызский народ веками жил единой семьей, разделяя радости и невзгоды. И сегодня граждане Кыргызстана живут в единстве, внося вклад в развитие нашей солнечной родины.*

*Государство – политическая организация, обеспечивающая порядок и стабильность в обществе и осуществляющая управление. Основные*

*признаки государства: владение определенной территорией, наличие границ, суверенитета, обширной социальной базы, права сбора налогов, открытый характер управления, государственные символы. В государстве работают специальные общественно-политические институты, регулирующие и управляющие природными человеческими взаимоотношениями. Для существования государства необходимы четыре фактора:*

1. *политический*
2. *социальный*
3. *экономический*
4. *культурный*

*Эти факторы тесно взаимосвязаны друг с другом. Один дополняет другого. Каждый из нас связан с вышеназванными отраслями. С политической точки зрения: в качестве гражданина каждый из нас имеет права и обязанности. Государство через Законодательную, Исполнительную и Судебную ветви власти определяет наши обязанности и защищает наши права. Государство оказывает своим гражданам социальную помощь. К примеру, образование, здравоохранение, пенсии, пособия и др. В экономической отрасли: работая в промышленности, сельском хозяйстве и торговле, а также в качестве налогоплательщиков мы тоже вносим вклад в развитие нашего государства. Устное народное творчество, художественная культура и народные промыслы стали лицом суверенного Кыргызстана. В этой отрасли тоже есть личный вклад каждого. Только образованный, грамотный и культурный народ может всесторонне развивать страну и выстроить сильный фундамент государства. Мы надеемся, вы тоже своими знаниями внесете вклад в развитие и укрепление нашего государства.*

### 1 этап. Мозговой штурм (4 мин.)

**Учитель**: *Что вы представляете, когда речь идет о государстве? Скажите по одному слову о государстве, о политике, проводимой им.*

Предлагается все высказанные идеи писать на доске. Они могут быть самыми разными: столица Кыргызстана, атрибуты, территория, личности и др. Примеры слов: *Герб, Пенсия, Бишкек, Пособие, Гимн, Музыка, Граница, Эпос, Флаг, Иссык-Куль, Промышленность, Животноводство, Здравоохранение, Земледелие, Конституция, Сельское хозяйство и др.*

### 2 этап: Распределение ролей (4 мин.)

**Учитель:** *Как звучит тема сегодняшнего урока, сегодняшний день и будущее Кыргызстана всех нас интересует и вводит в раздумье. Поэтому на сегодняшнем уроке мы постараемся ответить на вопрос: Как мы сможем укрепить государственность нашего солнечного Кыргызстана, и как превратим в развитое государство? Если вы помните, в 2012 г. на уроке на тему “Семья – опора государства”, в 2013 г. – “Трудолюбие и единство – опора Отечества” мы вели речь о том, что единство государства начинается с семьи, что труд и единство приводит к развитию и*

*процветанию государства. И в качестве выводов этих идей в этом году мы поднимем проблему: "Каким должно быть государство, в котором мы будем жить?".*

*Выше мы сказали, что для того, чтобы государство было государством, необходимо четыре фактора. На сегодняшнем уроке вы будете играть роль представителей четырех крупных отраслей государства: политической, социальной, экономической и культурной, точнее говоря, специалистов министерств. Безусловно, мы не будем брать точную копию управления государством. Мы возьмем только отрасли развития государства. В этой связи на нашем уроке будут только государство и министерства.*

Разделите учащихся на четыре группы, из каждой группы одного ученика определите в группу экспертов. Например, можно разделить на группы, расчитав их с 1-го по 5-ый в зависимости от их количества. Затем каждый 1-ый из групп входит в экспертную группу и т.д. Далее распределяются группам функции, каким министерством они будут. И здесь для определения среди учеников способностей, по какой отрасли они лучше знают и ориентируются, каждой группе раздается текст песни "Моя Родина Кыргызстан". К примеру, 1-я строфа о политике, какая группа выберет ее, то она будет "Министерством политики"; 2-я строфа "Социальная"; 3-я строфа "Экономическая"; 4-я строфа "Культурная".

**Учитель:** *Прочитав текст песни "Моя Родина Кыргызстан", выберите после обсуждения с группой одну строфу песни. Выбор не должен повторяться группами.*

**Моя Родина Кыргызстан**

**1-я строфа**

*Имеет место в мировой арене*
*Моя Родина суверенный Кыргызстан.*
*Высоко чтя демократию и право,*
*Народу крепостью стал его Закон.*

**2-я строфа**

*За труд здесь старших уважают*
*Нуждающимся всегда помогают*
*Достойное образование получают*
*Граждане суверенного государства.*

**3-я строфа**

*Радушный и трудолюбивый кыргызский народ*
*Достоинство "Великих кочевников" хранит.*
*На джайлоо живет животновод*
*Из века в век традиции он чтит.*

**4-я строфа**

*Создатель великого эпоса "Манас",*
*В руках комуз играет для души.*
*Не уступая трудностям и преградам,*
*Песней и смехом сметает все с пути.*

После определения названий групп следует направить учащихся в распределении ролей: у каждого ученика в группе должна быть точная роль. Можно раздать каждой группе заранее приготовленные флипчарты.

Например, в министерстве “Политики”: министр, статс-секретарь, заведующий орготделом, специалист, курирующий законодательную отрасль, специалист, курирующий судебные дела;

“Социальное” министерство: министр, статс-секретарь, специалист, курирующий образование, специалист, курирующий здравоохранение, специалист, курирующий социально незащищенные слои (пенсии, пособия).

Министерство “Экономики”: министр, статс-секретарь, специалист, курирующий сельское хозяйство, специалист, курирующий промышленность, специалист, курирующий торговлю.

Министерство “Культуры”: министр, статс-секретарь, специалисты по отрасли кино, музыке и танцам.

В качестве независимых экспертов будут выступать четыре ученика, помощники учителя. Здесь используется стратегия Эдварда де Боно “Шесть шляп”. Предлагается дать учащимся шляпы четырех цветов: Белую, Красную, Черную, Желтую, а Зеленую и Синюю шляпы – учителям или родителям, участвующим на уроке. Так как Зеленая и Синяя шляпы показывают ученикам новые идеи и направления, поэтому лучше будет, если взрослые будут направлять. Роль учеников, владеющих определенным цветом шляпы, учитель должен объяснить индивидуально после 3-го этапа, когда группы начинают работать над проектом. Так как будет лучше, если все ученики в классе не будут знать функции их ролей. В конце урока только учитель объясняет им их позиции, почему им предложена такая роль. Позиции или роль шляп:

**Белая шляпа – головной убор объективного наблюдателя**

Ученик с белой шляпой приводит только конкретные факты, названные в проекте, объективно оценивает работу министерств. Какой информацией мы владеем? Какая информация нам еще необходима?

**Красная шляпа – головной убор эмоционального участника**

Владелец красной шляпы должен описать внутреннюю работу и состояние министерства. Может ответить на вопросы: Какая инициатива из числа предложенных будет поддержана государством, достигнет успеха, какие – останутся без внимания.

**Черная шляпа – головной убор пессимиста**

Этот ученик поднимает все вопросы, не записанные в проекте. Выявляя неудачные стороны каждой работы, составляет список несправедливых сторон. В чем недостатки? Что в этом неправильного?

**Желтая шляпа – головной убор оптимиста**

Учащийся, выбравший желтую шляпу, анализирует всю правую сторону проекта. Каковы преимущества работы министерства? Почему?

**Зеленая шляпа – головной убор творческого мыслителя**

Предлагает новые идеи, альтернативы, возможные решения и действия.

**Синяя шляпа – организатор мышления**

Размышление о мышлении. Используя вопросы: Чего мы достигли? Что нужно делать дальше? направляет группы.

**3-й этап: Отбор слов (2 мин.)**

Из слов, записанных на доске во время мозгового штурма группы отбирают себе соответствующие их отрасли. Эксперты пишут в свои тетради, какие группы какие слова отобрали, в зависимости от этого готовят группам вопросы. Во время презентации каждой программы записывают необходимую информацию, высказывают свое мнение по отношению к ним.

**4-й этап: Подготовка программы (10 мин.)**

Каждая группа, используя слова в своих руках, готовят программу своей деятельности, в которой представлены цели и задачи страны, даются рекомендации по выполнению, а также должны быть отмечены проблемы и задачи одной области. Для работы в группах всех учащихся каждый специалист может разработать свою малую программу, и затем обобщить и объединить с программой группы.

**5-й этап: Презентация (20 минут: по 5 минут на каждую группу)**

После обсуждения в группах каждая группа выходит к доске и проводит презентацию своих работ. На этом этапе дается слово экспертам, они стараются получить ответ на вопрос от соответствующего специалиста. Учащиеся делают дополнения к высказываниям, задают вопросы, или обсуждают проблему. Учитель должен вставлять свои комментарии, управлять ситуацией.

**Подведение итогов и обобщение (4 мин.)**

**Домашнее задание:** Написать сочинение, сочинить стихи, нарисовать картину к году “Укрепления государственности”.